# ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮК

Бул түшүндүрмө сөздүк төмөнкүдөй алиппе ирети боюнча берилди:
А, Б, В, Г, Д, Ж, З, И, К, Л, М, Н, О, Ө, П, Р, С, Т, У, Ү, Ф, Ч, Ш, Ы, Э.

Жылдызча (*) менен белгиленген сөздөр бул китепте колдонулбайт, бирок аларды дарыгерлер көп колдонгондуктан жана алар дары таңгакчаларынан көп жолуккандыктан тизмеге киргизилди.

Көп оорулардын аталыштары бул түшүндүрмө сөздүккө киргизилген жок. Аларды КӨРСӨТКҮЧтөн (САРЫ БЕТТЕР) же китептин тийиштүү бөлүмүнөн издеңиз.

## А

**Айыз** – аялдан ай сайын кан кетүү (физиологиялык).

**Алдын алуу** – ооруну болтурбоо аракети.

**Аллергия, аллергиялык реакция** – кээ бир адамдар бир нерселерди (антибиотиктерди, вакциндерди, жыттарды, тамак-аш азыктарын) көтөрө албай калганда пайда болгон чүчкүрүү, жөтөлүү, дем кыстыгуу, дене кычышуу, бөрүжатыш чыгуу, муунуу, шок болуу (өзөрүү) сыяктуу көйгөйлөр.

**Алсыроо** – аябай чарчоо, кара шайы кетүү.

**Алысты көрүүчүлүк** – жакынга караганда алысты жакшы көрүү жөндөмдүүлүгү.

**Амеба** – ичегиде же сууда жашаган, микроскоптон гана көрүнгөн майда жаныбар. Алар ич өткөктү, дизентерияны жана боор ириңкөлкүлүн козгошу мүмкүн.

**Ампутация** – дененин бир бөлүгүн (мүчөсүн) кесип салуу.

**Антацид** – ашказан кычкылдыгын жөнгө салып, ооруганын басаңдатуучу дары.

**Антибиотик** – бактериялар козгогон инфекцияларга каршы колдонулуучу дары.

**Антигистамин** – аллергияларга (дене кычышма, чөп калтыратмасы ж.б.) каршы колдонулуучу дары. Кусканды токтотконго жардам берет, уйкуну келтирет.

***Антиеметик** (кустурбоочу) – жүрөк айланганды, кусканды токтотуучу дары.

**Антисептик** – бактериялардын көбөйүшүнө жол бербөөчү, аларды токтотуучу заттар (мисалы, самын, тазартуучу суюктук).

**Антитоксин** – ар кандай ууларга же уулуу заттарга каршы колдонулуучу дары. Көбүнчө жылкынын кан суусунан жасалат.

**Апоплексия** – мээге кан куюлуунун эски аталышы. **Мээге кан куюлуу**ну караңыз.

**Аппендикс** – жоон ичегинин өсүндүсү.

**Ара төрөлгөн бала** – маалынан (9 айдан) эрте төрөлүп, салмагы 2 килограммга жетпеген бала.

**Араккечтик** – адамдын ичимдикке (шарап, сыра, ром, арак) ашкере берилип кетүүсү.

**Артерия** (кан тамыр) – жүрөктөн дененин бардык бөлүгүнө кан алып баруучу тамыр. Артерия кан тамырлары кагып турат. Ал эми канды жүрөккө кайтарып алып келүүчү вена кан тамырлары какпайт.

**Арылтма** – ич өткөктү пайда кылган өтө күчтүү ич алдырма дары.

**Аш болумдуу** (тамак) – дененин өсүшүнө, чың болушуна жана ооруга каршы туруштук берүүсүнө зарыл болгон бардык пайдалуу заттар бар.

**Аш кашык** (чоң кашык) – 15 миллилитр же 3 чай кашык өлчөмүнө барабар кашык.

**Ашказан** (карын) – ичтеги баштык сымал мүчө; ал тамакты сиңирип, аш кылат.

## Б

**Байламта** – муундарды ордунда бекем кармап турган бышык, жоон жипчелер.

**Байламта (тарамыш) чоюлуу** – муун чыккандагы көкалалар, чоюлуулар же байламта менен тарамыштын үзүлүшү. Байламта чоюлуусу тарамыш чоюлуусуна караганда коркунучтуураак.

**Бака жалбырак** – курамында көп крахмал менен чарым бар өсүмдүктүн бир түрү. Аны көбүнчө көк кезинде бышырып жешет.

**Бактерия** – ар кандай жугуштуу ооруларды козгогон, микроскоптон гана көрүнгөн өтө майда микробдор.

**Баланын ден соолук картасы** – баланын туура өсүп келе жатканын ай сайын жазып туруучу барак.

**Бала колу менен келүү** – адегенде баланын колу чыккан, төрөттөгү демейдегиден башкача абал. Мындай оор абал дарыгердин кийлигишүүсүн талап кылат.

**Бала тону менен келүү** – Баланын тону жатын ичинде төмөн жайгашып, анын оозун жаап калган абал. Катуу кансыроо коркунучу чоң. Эгерде кош бойлуулуктун акыркы айларында аялдан кан кетсе, бул – баланын тону менен келишинин белгиси болушу мүмкүн. Бул учурда дароо төрөт үйүнө баруу керек.

**Баланын тону** – түйүлдүк эненин денеси менен кошулган жердеги каралжын, жумшак кабыкча. Демейде баланын тону төрөттөн кийин (15-30 мүнөт ичинде) түшөт.

**Безетки** – бетте, көкүрөктө же белде учтары ак, ириң, исиркек сымал бүдүрлөрдү пайда кылган тери оорусу. Көбүнчө жаш, бойдок адамдарда (өспүрүмдөрдө) кездешет.

**Белгилер** – бейтаптын дартын аныктоо үчүн, текшерүү учурунда байкалган нерселер же өзгөчөлүктөр. Бейтаптан байкалган ар кандай симптомдор же көйгөйлөр бул китепте бир эле «белгилер» деген аталыш менен берилди.

**Белоктор** – дене түзүлүшүнө (бойдун өсүшүнө жана дененин кубаттанышына) өтө зарыл азык заттар.

**Берч** (тырык) – демейде күйгөндөн же аллергиядан (бөрүжатыш) улам пайда болгон денедеги дөмпөктөр.

**Биринчи жардам** – ооруп калган, жаракат алган адамга тез жардам берүү же аны дарылоо.

**Богок** – тамакта йоддун жетишсиздигинен улам пайда болгон, моюндун ылдый жагындагы шишик (калкан безинин чоңоюшу).

**Бойго болтурбоо каражаты** (контрацептив) – бойго бүтүрбөөчү ар кандай ыкма.

**Бойдон түшүү** – жатын ичинде өсүп келаткан күмөндүн өлүү түшүшү. Кээде катуу кансыроо (уюган кан агуу) менен коштолот.

**Боор** – оң сүбөнүн астында жайгашкан чоң мүчө. Ал канды тазартып, ар кандай ууларды зыянсыздандырууга жардам берет.

**Бөйрөк** – белдин тушунда жайгашып, канды чыпкалап, заара бөлүп чыгарган чоң, аш буурчак сымал мүчө.

**Бөйрөк таштары** – алгач бөйрөктө пайда болуп, андан соң ылдый жылып, заара агуучу түтүккө түшкөн майда таштар. Алар жылганда бел, каптал, заара агуучу түтүктүн же табарсыктын тушу оорушу мүмкүн; ошондой эле бөйрөк таштары табарсыктын ичинде заара чыгуучу түтүктү тосуп калып, заара такыр чыкпай калышы же оорутуп чыгышы мүмкүн.

**Бөлүнүп чыгуу** – суюктуктун, былжырдын же ириңдин сыртка чыгышы.

**Бөрүжатыш** – теридеги катуу, калың, бир аз көтөрүлүп турган, аябай кычыштырган тактар. Алар дароо пайда болуп, кайра жоголуп же бир жерден экинчи жерге жылып чыга берүүсү мүмкүн. Аллергиялык реакциянын бир түрү.

**Бронхит** – бронх сезгенүү.

**Бронхтор** – өпкө түтүктөрү. Дем алганда аба бронхтор аркылуу өтөт.

**Бубон** – катуу чочуган лимфа без шишиги. Бул котонжарада, лимфогранулематоздо кездешет.

**Булчуңга сайма дары** – колдун же жамбаштын булчуң этине сайылуучу дары.

**Бүтөлүү** – тыгындалуу же толуп калуу абалы; ичеги бүтөлүү медициналык тез жардамды талап кылат.

**Былжыр** – мурундун, тамактын, ашказандын, ичегинин жана кындын былжырлуу кабыктарын майлап коргогон илээшчек, коюу суюктук.

## В

**Вазелин** – **Мунайзат майы**н караңыз.

**Вакциндөө** – **Эмдөө**нү караңыз.

**Вена варикозу** – вена кан тамырынын көбүнчө дөмпөйүп же ийри-буйру болуп, демейдегиден башкача болуп чоңоюп кетиши. Көбүнчө улгайган адамдардын, кош бойлуулардын жана көп төрөгөн аялдардын буттарынан байкалат.

**Венага сайма дары** – түздөн-түз венага сайылуучу дары.

**Вирус** – кээ бир жугуштуу (оңой тараган) ооруларды козгогон, бактериядан да кичине микробдор.

**Витаминдер** – дененин нормалдуу иштөөсүнө өтө керектүү азык заттар.

## Г

**Гигиена** – ден соолукту сактоодогу жеке тазалык иш-чаралары.

***Гипертония** – кан басым көтөрүлүү.

**Гипс** – сынган сөөктү ордунан кыймылдатпай, сакайгыча кармап туруучу тыгыз даки таңгыч.

**Гормондор** – кишинин дене мүчөлөрү тарабынан иштелип чыгып, өзгөчө кызмат аткарган химиялык заттар. Мисалы, эстроген (фолликулин) жана прогестерон гормондору аялдын этек кирин жөнгө салып, бойго бүтүүгө жардам берет.

**Грамм** (г) – салмак бирдиги. 1 кг = 1000 грамм.

**Гүлчаң** – уруктуу өсүмдүктөрдүн гүлүндөгү майда чаңча. Гүлчаңга аллергиясы бар адамдар чөп калтыратмасы менен көп оорушат (айрыкча, өсүмдүктөр чаңдаган кезде).

## Д

**Даараткана** (ажаткана) – жеңилденүү, заара менен заңдан бошонуу үчүн атайын жай.

**Даки** – таңуу үчүн колдонулган жумшак, көпшөп тор кездеменин бир түрү.

**Дары чөп** – өзүнүн айрыкча пайдалуу жактары же дарылык касиеттери бар өсүмдүк.

**Дарыкана** – дары-дармектер менен ден соолукка керектүү нерселер сатылуучу дүкөн.

**Даун оорусу** – тукум куума оору. Бала кемакыл төрөлөт. Бети шишимик тартып дулдуюп, көздөрү кыйшык, алаканы жалпак, манжалары кыска болот.

**Деконгестант** – мурун көңдөйүнүн шишигин азайтуучу же мурун бүтмөсүн басуучу дары.

**Дем алуу системи** – буга бронхтор, өпкө жана дем алууга катышкан башка мүчөлөр кирет.

**Дем алуу тездиги** – 1 мүнөттө дем алуунун саны.

**Дене суусуздануу** (кан катуу) – дене суюктугунун демейдегиден көп эсе азайган абалы. Суу жетишсиздиги, айрыкча, ымыркайлар үчүн өтө коркунучтуу.

**Денсактоо тамагы** – витаминдер менен минералдарга бай азык заттар. Алар денени чың сактоого жардам берип, кишинин ооруга туруштук берүү жана ага каршы күрөшүү жөндөмдүүлүгүн күчөтөт.

**Денетап (температура)** – киши денесинин ысыктык деңгээли.

**Дерматит** (тери сезгенүү) – теринин инфекциясы же дүүлүгүүсү.

**Дизентерия** – ириң, кан аралаш ич өткөк. Демейде инфекциядан улам пайда болот.

**Диртилдөө** – эркке баш ийбеген кыймыл (туталак кармаганда болот). Бүт дененин же анын бир бөлүгүнүн, менингит же талма болгондой, капыстан калчылдап тартылышы.

**Дубалоо** – каргап же дубаланган нерсе менен бирөөгө жамандык алып келүү.

## Ж

**Жалаяк исиркеги** – жалаякка же төшөккө сийип койгондон улам ымыркайдын буттарынын ортосунда пайда болгон кычышкан кызгылт тактар.

**Жалпыга белгилүү аталыш** – дарынын илимий аталышы. Дары чыгаруучу көптөгөн ишканалардын соода белгилерин бири-биринен айырмалоо үчүн колдонулат.

**Жамбаш** – 1. кашка жилик, жамбаш сөөк тутуму. 2. Көчүк.

**Жандыктар** – жаныбарлар.

**Жара (жараат)** – теринин же ашказан менен ичегинин былжырлуу кабыгынын айрылып кеткен жери. Көз кабыгынын жана теринин өнөкөт, ачык жарасы.

**Жарамдуулук мөөнөтү** – дары кайсы убакытка чейин жарактуу (таасирлүү) экендигин көрсөткөн ай, жыл белгилери. Мөөнөтү өтүп кеткен дарылардын баарын ыргытуу (жок кылуу) керек.

**Жаргакча (мембрана)** – өсүмдүктөрдүн же жаныбарлардын кээ бир дене бөлүктөрүн ичинен жаап, коргоп турган жука, жумшак катмар.

**Жатын моюнча** – кындын артында жайгашкан жатын тешиги же моюнчасы.

**Жатын** – аялдын ичиндеги, күмөн жаткан, баштыкча сымал дене мүчөсү.

**Жеңил суусундуктар** – «Кока-Кола» сыяктуу шуулдак, газдалган суусундар.

**Жетишсиздик** – бир нерсенин кем же жок болушу.

**Жол** – биргелешип белгилүү бир кызмат аткаруучу дене мүчөлөрүнүн же бөлүктөрүнүн системи. Мисалы, заара бөлүп чыгаруучу жол канды тазалап, заараны сыртка чыгарат.

**Жөөлүү** – акыл-эс бузулган абал. Адамдын жүрүм-туруму кызыктай болуп, дөөрүп сүйлөйт. Бул катуу оорудан же ысытмадан ($40^0$тан ашканда) болушу мүмкүн.

**Жугуштуу оору** – адамдан адамга оңой жуга турган (инфекциялык) оору.

**Жугуштуу эмес оору** – адамдан адамга жукпаган оору.

**Жука чурай** – дененин ылдыйкы бөлүгү. Буттар денеге кошулуп, жыныс мүчөлөрү жайгашкан жер.

**Жуктуруу** – кир, булганыч нерселерден инфекция жуктуруп алуу. Мисалы, кайнатылбаган шприц таза көрүнгөнү менен андан көп нерселерди (инфекцияларды) жугузуп алууга мүмкүн.

**Жумуру курт** (аскарида) – кишинин ичегисинде жашап, ар кандай оорулуу абалга (алсыздыкка, аллергияга, тамак сиңирүүнүн бузулушуна, кээде ичеги бүтөлүшүнө ж.б.) алып келген чоң мите курт.

**Жумшак жер** – **Эмгек**ти караңыз.

**Жүз градустуу көрсөткүч** (термометр С.) – ысыктуктун деңгээлин билдирүүчү ченем же көрсөткүч. Денисоо адамдын денетабы $37^0$ С градустан ашпайт. Суу $0^0$та тоңуп, $100^0$та кайнайт.

**Жүзүм кант** (глюкоза) – денеге оңой жана бат сиңүүчү, канттын жөнөкөй түрү. Ал бал менен мөмө-жемиштерде болот. Анын ак күлмайдасы регидрон суусунун даярдоодо колдонулат.

**Жүрөк түшүү** – катуу коркуу же капыстан чочуу.

**Жыныс мүчөлөрү** – тукум улоо мүчөлөрүнүн системи. Эң алды жыныс мүчөлөрү.

**Жыныс оорулары** – жыныстык катнаш аркылуу тараган оорулар.

**Жырык эрин** (коён жырык) – үстүңкү эриндин жырыгы. Ооздон мурунга чейинки жарака. Кээ бир балдар тубаса жырык эрин болушат.

## З

**Заара** (сийдик) – денеден иштелип чыккан суюктук.

**Заңдоо** – тазалануу, жеңилденүү, бошонуу дегенди билдирет. Тамактын сиңирүүдөн калганын денеден чыгаруу.

**Заара бөлүп чыгаруучу жол** – сийдик түтүгү (уретр), табарсык, бөйрөк сыяктуу заара бөлүп чыгарган жана аны сыртка айдаган мүчөлөрдүн системи.

**Заара чыгуучу түтүк** (уретр) – Табарсыктан заара чыгуучу тешикке чейинки канал.

**Залалдуу каназдык** – «$B_{12}$» витамини жетишпегендиктен пайда болгон, каназдыктын сейрек кездешүүчү түрү.

**Залалдуу шишик** (рак) – токтобой өсө берип, адамды өлүмгө алып келүүчү шишик.

**Зарна** (зарына) – ашказандын өйдө жагы же төштүн асты кыжылдап, ачышуу.

**Заң** – чоң заара. Тамактын сиңиргенден калганы. Ал ичеги аркылуу сыртка чыгарылат.

**Заңдан-оозго** – заңдын тамак-аш, суусундук же кир кол аркылуу оозго кириши.

## И

**Ийилүү** – форманын бузулушу.

**Инсектицид** – курт-кумурскалар менен чымын-чиркейлерди жок кылуучу уу дары. Аларга линдан жана DDT (дихлордифенилтрихлорэтан) аралашмалары кирет.

**Инсулин** – кандагы канттын өлчөмүн жөнгө салуучу, уйку бези бөлүп чыгарган суюк зат. Инсулин сайма дарысы кант (диабет) оорулуу адамдар үчүн өтө керек.

**Инфекция** – бактерия же башка микробдор козгогон оору. Инфекция бүт денени (мисалы, кызылча) же анын бир гана бөлүгүн (мисалы, зилдеген бармак) жабыркатышы мүмкүн.

**Инфекциялык оору** – **Жугуштуу оору**ну караңыз.

***Ипохондрия** – ооруп калдым деп тынчы кетип, сарсанаа болуу.

**Ириңкөлкүл** (абсцесс) – бактериялык же башка инфекция козгогон ириңдүү баштыкча. Мисалы, чыйкан.

**Истерия** – 1) жөнөкөй тил менен айтканда, катуу кыжаалаттануу, коркуу жана көңүл чөгүү абалы 2) медициналык тил менен айтканда, катуу чочугандан же бир нерсеге өтө ишенгенден болгон оорунун белгиси.

**Ич өткөк** (диарея) – бат-бат же суюк заңдоо.

**Ичалдырма дары** – ич катуунун дарысы. Заңды жумшартып, анын тез-тез келишине жардам берет.

**Ичалдыргыч** (клизма) – заңдатуу үчүн көтөн тешигине куюлуучу суу эритиндиси.

**Ичкөңдөй** (курсак) – дененин ашказан, боор, ичеги ж.б. жайгашкан бөлүгү.

**Ич катуу** – заңдын кургап, катышынан улам маалы менен чыкпай калуусу.

**Ичеги жип** – ичегиден жасалып, жарааттарды (айрыкча, төрөттөн ажырап кеткен жерлерди) бириктирип тигүүдө колдонулуучу жип. Ал акырындык менен денеге сиңип кеткендиктен, аны алып салуунун эч кажети жок.

**Ичеги ичегиге кирүү** (инвагинация) – ичегинин бир бөлүгүнүн экинчи бөлүгүнө кирип калуусу. Бул демейде ичеги бүтөлүүгө алып келет.

**Ичеги курттар** – адамдын ичегисине кирип, ар кандай ооруларды козгогон мителер менен майда жаныбарлар.

**Ичегилер** – тамак сиңирүү жолунун түтүк сымал бөлүгү. Тамак ичеги аркылуу өтүп, сиңгенден калганы көтөн тешигине барат.

## К

**Каада-салт** (адат) – муундан муунга оозеки же үлгү түрүндө өткөн тажрыйбалар, ишенимдер же үрп-адаттар.

**Кайталап эмдөө** – мурунку эмдөөнүн таасирин күчөтүү үчүн кайрадан эмдөө.

**Каканак** – жатын ичиндеги күмөндү сактап турган баштыкча, түйүлдүк кабыгы. Демейде каканак жарылып, суу кеткени толгоо башталганын билдирет.

**Какач** – чачтагы ак же боз түстөгү, майланышкан үлпүлдөктөр же кабырчыктар. Баш тери майланышы (себореясы).

***Какырткыч** (экспекторант) – какырыкты жибитип, дем алуу жолдорунан (өпкөдөн, бронхтордон ж.б.) жөтөл менен чыгарган дары.

**Какырык** – өпкөдөн чыккан ириңдүү былжыр.

**Калта** – эркектин энектери жайгашкан баштык.

**Кан айлануу** – жүрөк жыйрылуусу менен кандын артерия жана вена тамырлары аркылуу жүгүрүүсү.

**Кан басым** – кан тамырлардын (артерия жана вена) ички бетине таасир этүүчү күч. Ал адамдын жашы менен ден соолугуна жараша өзгөрүп турат.

**Кан зилдөө** – инфекция канга өтүү. Кээде «кан уулануусу» деп аталат.

**Кан куюлуу** – кан кетүүнүн коркунучтуу, оор түрү.

**Кан соргучтар** – канга кирип, боорду же дененин башка бир бөлүгүн жабыркатып, ар түрдүү ооруларды (мисалы, шистосомозду) козгогон мите курттар.

**Кан тамырлар** – канды дененин бардык бө лүгүнө ташыган түтүктөр. Жүрөктөн чыккан тамырларды артерия, жүрөккө келгендерин вена деп аташат.

**Каназдык** (анемия) – эритроциттер азайып, кан суюлган оору. Каназдык белгилерине шай кетүү, өң кубаруу жана күч-кубаттан таюу ж.б. кирет. Ошондой эле **Залалдуу каназдык**ты караңыз.

**Кант** – бал, кант, мөмө-жемиш сыяктуу, денеге кубат берүүчү таттуу азык.

**Карабаш** – бет, көкүрөк же жон теридеги майда тешикчелерди тосуп турган кичинекей бүдүр. Безеткинин бир түрү.

**Карек** – көз желечесинин ортосундагы тегерек кара тешик. Ал караңгыда чоңоюп, жарыкта кичирейип турат.

**Карышма** (спазм) – булчуңдардын эркке баш ийбей капыстан түйүлүүсү. Ичеги карышмасы тарамыш тартышууга же сайгылашууга алып келет. Бронх карышмасы муунтма оорусунда болот. Ал эми селейме оорусунда жаак менен башка булчуңдардын карышмасы кармайт.

**Карышма жазчу дары** – булчуң (ичеги) карышуусун жеңилдетүүчү дары.

**Карышуу** – булчуңдардын ооруп жыйрылышы же түйүлүшү.

**Катетер** (түтүкчө) – табарсыктан заара чыгаруучу түтүкчө.

**Катуу кармаган** (оору) – капыстан башталып бат эле өтүп кетүүчү. Өнөкөттүн карама каршысы.

**Келесоолук** (кретинизм) – баланын кемакыл жана көбүнчө дүлөй болуп төрөлүшү. Бул демейде кош бойлуунун тамагында йод жетишпегендиктен болот.

**Кемакылдык** – акыл-эстин өспөй калышы же жай өсүшү.

**Кемтиктер** – адамдын дене түзүлүшүнүн же акыл-эсинин демейдегиден башкача өзгөчө лүктөрү (кемчиликтери). Балдардын тубаса кемтиктерине – жырык эрин, майрык, кошумча манжа ж.б. кирет.

**Кене** – башы менен териге кирип алып кан соргон, жөрмөлөп жүрүүчү майда жаныбар.

**Кең таасирлүү антибиотик** – микрожандыктардын көптөгөн түрлөрүн жок кылуучу дары.

***Кератомаляция** – көз жумшарып, көрүү начарлап, сокур болуп калуу. Бул «А» витамини жетишпегендиктен болот.

**Килограмм (кг)** – миң граммга барабар салмак бирдиги. 1кг 2 фунттан бир аз көбүрөөк болот.

**Киндик түтүгү** – жатын ичиндеги күмөндү киндиктен тонго чейин туташтырып турган түтүк.

**Киндик чуркусу** – киндиктин жанында даана байкалып турган томпок. Киндик каналына ичеги илмеги кирип кеткенден пайда болот.

**Киндик** – курсактын ортосундагы чуңкурайган же бөрсөйүп чыгып турган жер. Киндик түтүгүнүн орду.

**Климакс мезгили** – **Менопауза**ны караңыз.

**Кома** – акыл-эсин жоготуп, өзүнө келе албай турган абал. Кома ар кандай оору, жаракат же уулануудан болуп, көбүнчө өлүмгө алып келет.

**Компост** – өсүмдүк чириндиси менен мал кыгынын аралашмасы. Ал жер семирткич катары колдонулат.

**Компресс** – дененин белгилүү бир жерине коюлуучу (басылуучу) чүпүрөк же жумшак төшөгүч. Аны жылуу же муздак сууга малып басса да болот.

**Катнаш** (контакт) – жакындашуу, катнашуу, тийишүү, кыналышуу. Башка адам менен катнашта болгон (жакындашкан же кол алышкан) бейтап жугуштуу ооруну таратышы мүмкүн.

**Коом** – жашоо шарттары, турмуштук кызыкчылыктары жана түйшүктөрү бирдей, бир айылда же аймакта жашаган адамдардын тобу.

**Коркунуч** (тобокелдик, риск) – жаракат алуу, бир нерседен айрылуу же зыянга учуроо жагдайы.

**«Коркунучтуу курсак»** – ичкөңдөйдүн көп учурда операцияны талап кылган өтө оор абалы. Эгерде ич катуу, таралып ооруп, бейтап куса баштаса (ич өткөктүн белгиси болбой), анда бул «коркунучтуу курсактын» белгиси болушу мүмкүн.

**Которуштуруп айдоо** – айдоо жердин топурагын жылдан жылга жакшыртуу үчүн, бир эле жерге ар түрдүү өсүмдүктөрдү алмаштырып эгүү.

**Кош бойлуулук** – аялдын күмөндү ичине көтө рүп жүргөн абалы (демейде 9 ай).

**Кош бойлуунун сепкили** – боюнда бар аялдын бетинде, эмчегинде же курсагында пайда болгон кара-күрөң тактар. Бул демейдеги көрүнүш.

**Көз желечеси** – каректин айланасындагы көздүн түстүү же кара жери.

**Көз канатча** – көздүн бир бурчунан анын тунук кабыгын көздөй акырындап өскөн канат сымал жука чел.

**Көз тийүү** – бирөөнүн адамга зыян алып келүүчү жаман көз карашы.

**Көз челкабык** – көз кабагынын ич жагы менен көздүн агын жаап турган жука, коргогуч катмар.

**Көздүн тунук кабыгы** – көз желечеси менен каректи жаап турган сырткы тунук катмар же көздүн «айнеги».

**Көк боор** – сол жак сүбөнүн астында жайгашкан, чоңдугу муштумдай болгон дене мүчөсү. Ал канды бөлүп чыгаруу жана чыпкалоо кызматын аткарат.

**Көкбаш** (геморрой) – көтөн тешиктеги ооруткан майда дөмпөктөр. Алар вена кан тамырынын кеңейип кетишинен (вена варикозунан) пайда болот.

**Көтөн тешик** – ичегинин эки аяктын ортосундагы учу; арткы тешик.

**Көтөн чучук** – жоон ичегинин көтөн тешик менен бүткөн жери.

**Көтөрөм** – денеде керектүү азыктар жетишпегендиктен болгон ден соолук көйгөйү.

**Көчүк** – дене бөлүгү; адамдын отура турган жери.

**Көчүгү менен төрөлүү** – баланын көчүгү же буттары менен келип төрөлүшү.

**Крахмал** – жүгөрү, күрүч, буудай, картөшкө жана ашкабак сыяктуу, күч-кубат берүүчү азыктар.

**Ксерофталмия** – «А» витамини жетишпей, көздүн кургап кетиши.

**Кургак көтөрөм** – чала тоюудан келип чыккан абал. Ачкалык. Жабыркаган адам аябай арыктап, ичи бөрсөйүп чыгып калат.

**Курсак чели** (бүлкүлдөк) – ичеги менен кабырганын ортосундагы жука кабыкча.

**Курт** (личинка) – курт-кумурскалардын, чымын-чиркейлердин жумурткадан чыккан, жетиле элек кези.

***Кустургуч** – кустуруучу дары же суусун. Уулуу нерселерди ичип алганда колдонулат.

**Кусуу** – ашказандагы тамакты ооз аркылуу сыртка чыгаруу, кусуп салуу.

**Кын** (кийин) – аялдын сырткы жыныс мүчөсүнөн жатынга чейинки канал.

# Л

**Лимфа бездери** (түйүндөрү) – дененин ар кайсы жеринде кездешкен, тери астындагы майда дөмпөктөр. Микробдорду тозуп өткөрбөйт. Алар денеге инфекция киргенде чочуп, оорутат. Кургак учукта жана заладуу шишикте да лимфа бездери чоңоюп, бирок оорутпашы мүмкүн.

**Литр** (л) – миң куб сантиметрге барабар метр өлчөмү (бир квартага барабар). 1л суу = 1кг.

**Лямблия** – микроскоптон гана көрүнүүчү мите. Ал көбүктүү сары ич өткөккө алып келип, ичегини жабыркатат.

# М

***Майлагыч** – бир нерсенин бетин жылмалоо үчүн колдонулган май же крем.

**Медициналык кызматкер** – калктын ден соолугун сактоого түздөн-түз катышкан адам.

**Мектепке чейинки программа** – 5 жашка чейинки балдардын ден соолугун көзөмөлдөөдө, аларды эмканадан текшертүүдө жана алардын өсүшүн белгилеп турууда (баланын ден соолук картасы) ата-энелерге жардам берүүчү иш-план.

**Менопауза** – аялдын этек киринин табигый токтогону. Демейде 40-50 жаш аралыгында болот.

**Мертинүү** – сөөктөрдүн муундан чыгып кетиши.

**Микробдор** – денеде өсүп-өнүп, кээ бир жугуштуу ооруларды козгогон, микроскоптон гана көрүнгөн майда жаныбарлар.

**Микрожандык** – микроскоп аркылуу көрүнүүчү өтө майда жаныбар же өсүмдүк.

**Микроскоп** – майда нерселерди чоңойтуп көрсөтүүчү, линзалуу аспап.

**Миллиграмм** (мг) – граммдын миңден бир бөлүгү.

**Миллилитр** (мл) – литрдин миңден бир бөлүгү.

**Минералдар** – темир, кальций, йод сыяктуу денеге керектүү элементтер.

**Мителер** (паразиттер) – малда жана адамдарда кездешүүчү, зыяндуу курттар жана майда жаныбарлар. Бүргө, ичеги курттары жана амеба мителерге кирет.

**Мунай майы** (вазелин) – мунайдан алынып, тери сыйпамаларын даярдоодо колдонулуучу май.

**Мүнөзтамак** (диета) – адам жеген же жебей турган тамактардын түрлөрүн жана өлчөмүн чектөө.

**Мүчө** (орган) – өз алдынча кызмат аткарган дене бөлүгү. Мисалы, өпкө - дем алуу мүчөсү.

**Мээге кан куюлуу** – мээ ичине кан уюу же кан кетүү. Адам аң-сезимин, акыл-эсин же кыймыл-аракетин капыстан жоготот. **Ысык уруу**ну да караңыз (81-бет).

**Мээтамыр кырсыгы** – **Мээге кан куюлуу**ну караңыз.

**Мээшалдык** – мээ жабыркоодон булчуңдардын демейдегиден башкача, кайталанып түйүлүүсү. Мээшал балдардын буттары көбүнчө кайчылашып калат.

## Н

**Нервдер** – мээден дененин бардык бөлүгүнө тарап, сезим менен кыймыл-аракетти козгогон ичке жибек тамырлар.

**Нестендирме** (нестентме) – ооруну басуучу дары (аналгетик).

**Нормалдуу** – демейдегидей, кадимкидей же орто деген мааниде. Адаттан тышкары эмес, кадыресе.

**Нормалдуу эмес** – демейдегиден башкача, табигый эмес. Адаттан тышкары.

**Нымдуу көтөрөм** – денеде белок аздыгынан улам арыктоонун оор түрү. Көтөрөм болгон баланын буту-колу менен бети шишип, этине түлөгөн жаралар чыгат.

## О

**Окшуу** (жүрөк айлануу) – ашказан бузулуп, адамдын кускусу келген абал.

**Оңко коюу** – дарылоо ыкмасы. Канды дененин үстүнө тартып чыгаруу максатында чыныны же башка идишти (банка, стакан) ысытып, денеге басуу.

**Оозмо-ооз дем алдыруу** – жасалма дем алдыруу. Дем алуусу токтоп калган адамды кайрадан дем алдыруучу ыкма.

**Ооруу баяны** – атайын суроолорду (Качан, кантип башталды? Канткенде абалыңыз оорлойт же жеңилдейт? Эмне жардам бергенсийт? Үй-бүлөдө же айыл ичинде бул дартка дагы чалдыккандар барбы? ж.б.у.с) берип, ооруу жөнүндө алынган маалымат.

## Ө

**Өнөкөт** – узакка созулган, кайталанган (катуу кармаган менен салыштырыңыз). Өнөкөт оору узакка созулат.

**Өспүрүм** – баланын бойго жеткен, 13 төн 19 жашка чейинки курагы.

**Өт** – боордон иштелип чыккан, өт баштыкчасында топтолгон ачуу, жашыл суюктук. Майды сиңиргенге жардам берет.

**Өт баштыкчасы** – боорго жабыша жайгашкан, кичинекей, булчуңдуу баштыкча. Анда майлуу тамакты сиңирүүчү өт топтолот.

**Өт таштары** – **Бөйрөк таштары**н караңыз.

**Өтө оор абал** – дароо жардам берүүнү талап кылган, капыстан болгон оору же жаракат.

***Өтүшүү** – оору ашынуудан пайда болгон кошумча көйгөйлөр. Мисалы, кызылча өтүшүп кетсе, менингитке алып келиши мүмкүн.

## П

**Паннус** – көздүн тунук кабыгын майда кан тамырлуу чел жаап калышы. Трахома сыяктуу көз ооруларында кездешет.

***Парентералдуу** – ооз аркылуу эмес, ийне саюу аркылуу берилген (дары).

**Пастерлөө** – зыяндуу бактерияларды жок кылуу максатында, сүттү, шарапты ж.б. суюктуктарды белгилүү бир температурага ($60^0$ С.) жеткире ысытып, 30 мүнөтчө кармоо.

**Пеллагра** – витаминдер комплекси: никотин кычкылдыгы (PP), $B_2$, $B_6$ витаминдери жана триптофан аминокычкылдыгы жетишсиздигинен, тери, ичеги карын жана нерв (дерматит, ич өткөк, деменция) бузулган оору.

**Перитонит** (курсак чел сезгенүү) – курсак челинин өтө коркунучтуу сезгенүүсү. Кишинин ичи таштай катып, айрыкча, бутту сунуп керилгенде катуу ооруйт.

**Простат бези** (урук чыктагыч без) – эркектин заара чыгаруучу түтүгүнүн (уретрдин) түбүндөгү булчуңдуу, катуу без. Улгайган кезде простат бези чоңоюп, заара кылуу кыйындап калат.

**Протеиндер** – **Белокторду** караңыз.

## Р

**Регидрон суусуну** – денедеги сууну калыбына келтирүүчү суюктук. Аны кайнак суу, туз, шекер же дан өсүмдүктөрүнүн күлмайдасын кошуп, үйдөн жасап алса болот.

**Ресурс** – бир нерсени жасоого же өндүрүүгө керектүү, колдо бар нерсе. Мисалы, адам ресурстары, жер ресурстары ж.б.

**Рефлекс** – эркке баш ийбей, өзүнөн-өзү болгон кыймыл-аракет же реакция.

**Ринит** – мурун былжыр кабыгы сезгенүү. Көбүнчө аллергиядан болот.

## С

**Сактооч** – алдын алуучу, коргоочу деген мааниде. Кээде кертмеккаптарды сактоочтор деп да коюшат.

**Сактык чаралары** – күтүлбөгөн коркунучтун алдын алуу, оор абалдарга даяр болуу үчүн күн мурунтан көрүлгөн кам.

**Санитария** – коомдук тазалык. Бул – оорунун алдын алууда, жеке тазалыкты сактоодо жана коомдук жайларды таза кармоодо көпчүлүк тарабынан аткарылган иш-аракеттер.

**Сарык** – тери менен көздүн саргайышы.
Бул – боор, өт, уйку без жана кан ооруларынын белгиси.

**Сасык тумоо** – көбүнчө ысытма, муун ооруу менен коштолгон катуу суук тийме. Кээде ич өткөккө алып келет.

**Сахароза** – кант кызылчасынан же кант камышынан алынган шекер. Жүзүм кантынан айырмаланып, сахароза денеге кыйындык менен сиңет.

**Сезгенүү** – инфекциядан улам кызаруу, эт ысуу, шишүү, ооруу жана кызматы бузулуу.

**Сенек** – муун булчуңдарынын жыйрылып же кысылып, кыймылдабай калуусу.

**Симптомдор** – **Белгилер**ди караңыз.

**Синус** – мурунга ачылган бет сөөгүнүн көңдөйү. Каңылжаар.

**Синусит** – каңылжаар сезгенүү.

**Стерилдөө** – 1) аспаптарды, шишелерди жана башка буюмдарды кайнатуу же ысытуу жолу менен тазалоо; 2) атайын операция жасап, бычуу, уруксуздандыруу.

**Стерилдүү** – 1) таптаза, бир да микрожандык жок деген мааниде. Буюмдар көбүнчө кайнатуу же ысытуу жолу менен стерилденет; 2) тукумсуз, бала күтүүгө жөндөмсүз деген мааниде.

**Стетоскоп** – денеде пайда болгон добуштарды (мисалы, жүрөктүн согушун) тыңшоочу аспап.

***Супрессант** – ооруну токтотууга же анын алдын алууга жардам берүүчү дары. Мисалы, жөтөл дары.

**Суспензия** – суюктук аралашкан күлмайда.

**Сүбө** - кабырганын асты.

**Сыйкырчылык** – бирөөгө сыйкырлоо же дубалоо менен таасир тийгизүү. Кээ бир адамдар бирөө сыйкырлап же көз тийгенден ооруп калдым деп ойлошот.

**Сыйпама дары** (мазь) – териге сүйкөлүүчү дары май же нымдагыч (лосьон).

**Сынык** – сынган сөөк.

## Т

**Таңдай** – ооз көңдөйүнүн үстүңкү бети.

**Таңдай жырык** – бул баланын оозунун таңдай сөөгүнүн тубаса жырыгы же демейде болбогон тешик.

**Таңкы окшуу** – кош бойлуулуктун алгачкы айларында, айрыкча, эртең менен болгон окшуу (жүрөк айлануу) жана кусуу.

***Талассемия** – кээ бир өлкөлөрдө кездешүүчү, тукум куума каназдыктын бир түрү. 2 жашка чейинки балдардын каны өтө азайып, боору менен көк боору чоңоюп кетет.

**Тамыр кагуу** – жүрөк согуусунун артерия тамырына берилүүсү.

**Тар таасирлүү антибиотик** – микрожандыктардын кээ бир гана түрлөрүн жок кылуучу дары.

**Таралуу** – жугуштуу инфекциянын адамдан адамга өтүшү.

**Таралып ооруу** – ич көңдөйүнүн өтө катуу оорушу. Ичти катуу басып, кайра колду тез тартып алганда күчөйт. Бул – «коркунучтуу курсактын» белгиси.

**Тарамыш** – булчуңдарды сөөк менен туташтырып турган бекем, бышык жипчелер (**байламталар** менен чаташтырбаңыз).

**Тез дем алуу** (гипервентиляция) – корккондон өтө тез жана терең дем алуу.

**Тездик** – кандайдыр-бир нерсенин берилген убакыттын ичинде кайталануу саны.

**Термометр** (градусник) – адамдын денетабын өлчөөчү аспап.

***Терс көрсөтмө** – кээ бир дарыларды колдонууга болбой турган жагдай. Кош бойлуу кезинде көп дарыларды колдонууга болбойт.

**Терс таасирлер** – дары колдонуудан болгон жагымсыз көрүнүштөр.

**Тигиш** – денедеги жарааттын же айрыктын ийне-жип менен тигилген жери.

**Тирсек** – инфекциядан улам көз кабагынын четине чыккан кызыл, шишиген дөмпөк.

**Тиш оюк** (кариес) – тиштин курт түшүп (бактерия кирип), бир бөлүгү бузулуп, чириген жери.

**Токсемия** – денедеги кээ бир уулуу заттардын айлануусунан келип чыккан оор абал. Мисалы, бөйрөк иштебей калуудан болгон заара токсемиясы (уремия).

**Толгоо** – жатындын төрөт учурунда тез-тез түйүлүшү. Бул баланын төрөлөрүнө аз калгандыгын билдирет.

**Тон** – **Баланын тону**н караңыз.

**Толто** (аорта) – жүрөктөн бүткүл денеге кан алып баруучу эң жоон артерия тамыры.

**Төрөт ысытмасы** – кээде төрөттөн кийин инфекциядан болуучу эт ысуу. Муну төрөттөн кийинки калтыратма же инфекция деп да коюшат.

**Төрөттөн кансыроо** – төрөттөн кийин, энеден кан көп кетүү.

**Төрөттү тездетүүчү дарылар** – жатын булчуңун жана анын кан тамырларын жыйрылтуучу дарылар. Аларды төрөттөн кийинки катуу кансыроону токтотуу үчүн гана, өтө этияттык менен колдонуу керек.

**Тропик кенеси** – тропикалык өлкөлөрдө кездешүүчү, башы менен тери астына кирип алып кан соргон, өтө кичинекей жаныбар.

**Тубаса кемтиктер** – **Кемтиктер**ди караңыз.

**Тукум куума** – атадан балага өтүүчү генетикалык кубулуш (мисалы, оору).

**Туруштуулук** – бир нерсенин зыяндуу же жок кылуучу таасиринен коргонуу жөндөмдүүлүгү. Мисалы, бактериялардын көбү белгилүү бир антибиотиктердин таасирине туруштук берип калат.

**Туталак** – оору капыстан кармап, адам диртилдеп, карышып (эркке баш ийбеген калтыроо), кээде эс-учун жоготкон абал.

**Түйүлдүк** (эмбрион) – жаңыдан бойго бүткөн күмөн.

**Түйүлмө ооруу** – өт ташы, бөйрөк ташы жылганда, ичеги түйүлгөндө пайда болгон ич көңдөйүндөгү эң катуу ооруу.

**Түйүлүү** – булчуң тартылуу же жыйрылуу. Толгоо учурунда жатын булчуңунун катуу түйүлүшү баланын сыртка чыгышына жардам берет.

**Түшүп кетүү** – дененин бир бөлүгүнүн өз ордунан ылдый жылып кетиши. Мисалы, жатындын же көтөн чучуктун түшүп кетүүсү.

**Тыюу салынган** (табу) – элдик ишеним боюнча уруксат берилбеген же колдонууга болбогон нерсе.

## У

**Углеводдор** – крахмалдар жана канттар. Денеге күч-кубат берүүчү азык заттар.

**Уйку бези** – ашказандын астында, солураак жайгашкан, инсулин бөлүп чыгаруучу ички без.

**Уйку дары** – уктатуучу жана ооруну басуучу дары.

***Уйку качуу** – адам уктагысы келсе да, уктай албаган абал.

**Унция** – 28 граммга барабар болгон салмак өлчөмү. 16 унция = 1 фунт.

**Ууз** – эмчектен чыккан алгачкы сүт. Ууз сүт белокко бай келип, баланы инфекциядан сактайт.

**Уукесер** – жыландын, ж.б. жаныбарлардын уусуна каршы колдонулуучу дары.

## Ү

**Үй-бүлөнү пландоо** – бала күтүүнү пландаштыруу максатында, төрөлүүлүктү көзөмөлдөө ыкмаларын колдонуу.

## Ф

**Фаренгейт** – кээ бир өлкөлөрдө колдонулуучу, ысык-сууктун ченеми. Денисак адамдын денетабы (нормалдуу температурасы) 98,6$^0$ F. болот. Суу 32$^0$F. те тоңуп, 212$^0$F. те кайнайт.

**Фетоскоп** – жатындагы күмөндүн дабышын тыңшоочу аспап.

**Фирмалык аталыш** – Ишкананын өз өнүмүнө берген аты. Фирмалык аталыш менен чыккан дарылар жалпыга белгилүү аталыштагы дарыларга караганда кыйла кымбат турат.

**Фолий кычкылдыгы** – жашыл жалбырактуу жер жемиштерден алынуучу, аш болумдуу азык зат.

**Фолликулдар** – кичинекей дөмпөктөр.

## Ч

**Чай кашык** – өлчөмү 5 миллилитрге барабар кашык. 3 чай кашык = 1 аш кашык.

**Чайкоо** – кынды суу куюп жуу ыкмасы.

**Чечекей тунарма** (катаракт) – көздүн чечекейи тунарып, көрүү начарлаган көз оору. Жарык тийгенде карек боз же ак болуп көрүнөт.

**Чор** – теринин өйкөлгөндөн же манжалар бири бирин кыскандан пайда болгон, ооруткан, катуу жана калың жери.

**Чөгүү** (сууга тумчугуу) – суу астында калган адамдын аба жетпей думугуп, дем алуусунун токтошу.

**Чурку** (грыжа) – булчуңдардын ажыроосунан ички мүчөнүн же анын бир бөлүгүнүн тери астынан дөмпөйүп чыгып калуусу.

**Чыйкан** – тери астына чыгып, ооруткан, ириңдүү шишик. Ириңкөлкүлдүн бир түрү.

## Ш

**Шакый** – баштын лукулдап, катуу оорушу. Ал демейде баштын бир гана жагын оорутуп, көбүнчө кустурат.

**Шал оору** – бүт дене же анын бир бөлүгү кыймылдабай калуу.

**Шамча** (дары) – көтөн тешикке же кынга салынуучу сүйрү дары.

**Шанкр** – жыныс мүчөлөрүнө, манжаларга же эринге чыккан, оорутпаган жара. Котон жаранын алгачкы белгилеринин бири.

**Шишик** – ткандардын сезгенүүдөн же
эт өсүүдөн чоңоюп, дөмпөйүп кетиши. Кээ бир эт өскөн шишиктер заладуу шишикке айланып кетет.

**Шок** (өзөрүү) – адамдын тамыры билинбей, тез-тез кагып, жан тери келип, катуу алсырап, эс-учун жоготкон өтө коркунучтуу абал. Ал дене суусуздануудан, кан куюлуудан, жараат алуудан, күйүүдөн же башка бир катуу оорудан болот.

## Ы

**Ыйлаак** (киста) – денеге жаңыдан өсүп чыккан, ичине суу толгон баштыкча.

**Ынандыруу же ишенүү күчү** – күчтүү идеялардын же ишенимдин таасири. Мисалы, оорулуу адамдар дарынын өзгөчө касиетине (ал жок болсо деле) аябай ишенгендиктен жакшы болуп кетиши мүмкүн.

**Ысытма** – денетабынын демейдегиден жогору болушу.

## Э

***Эклампсия** – капыстан кармама оору (айрыкча, кош бойлуулукта же төрөт учурунда болот).

**Эмгек** – ымыркайдын төбөсүндөгү «жумшак жер».

**Эмдөө** (вакциндөө) – кептөөр,
көкжөтөл, селейме, балдардын шал оорусу (полиомиелит), кургак учук, кызылча сыяктуу жугуштуу ооруларга каршы дары берип, туруштуулукту пайда кылуу аракети.

**Эмчек ириңкөлкүлү** – **Эмчек чочуу**ну караңыз.

**Эмчек чочуу** (мастит) – демейде, бала эмизүүнүн алгачкы жумаларында же айларында болуучу эмчек инфекциясы. Ал эмчектин бир бөлүгүнүн кызарып, ысып, шишүүсүнө алып келет.

**Энелик бездер** – жатындын жанында жайгашкан, кичинекей баштыкчалар. Алар түйүлдүк жаратуу үчүн энелик жумуртка бөлүп чыгарат.

**Эпидемия** – жугуштуу оорулардын бүтүндөй бир өлкөгө же аймакка жайылып кетүүсү.

**Эсин жоготуу** (эс-учун жоготуу) – жаракат алган же оорулуу адамдын терең уйкуда (ойгоно албай) жаткансыган абалы.

**Эт оюлуу** – катуу оорудан төшөктө узак жатып, которула албаган адамдын эти эзилип, териси тешилип, ачык жаралар пайда болуу.

**Этек кир** – **Айыз**ды караңыз.